**Ош эл аралык медициналык университети**

**Дарылоо иши факультети**

**ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШИНИН ОТУРУМУНУН**

№ 1 ПРОТОКОЛУ

08 09. 2025-ж.

Ош шаары

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: б.и.к., доцент Орунбаева Б.М.
Окуу-методикалык кеңешинин катчысы: окутуучу Танабаева А.К.

*КАТЫШУУЧУЛАР:*

Кафедра башчылары, декандын орун басарлары, кафедралардын окуу-методикалык иштер (ОМИ) боюнча жооптуулары, НББП жетекчиси.

*КҮН ТАРТИБИ:*
Факультеттин окуу-методикалык кеңешинин курамын жана жылдык иш планын бекитүү
Негизги билим берүү программаларын (НББП) кароо жана талкуулоо
Окуу процессине тиешелүү методикалык иш кагаздарды кароо (ОМК мониторинг)
Электрондук билим берүүнү уюштуруу жана онлайн курстарды өнүктүрүү
Ар түрдүү маселелер

*УГУЛДУ:*

1. Факультеттин ОМК курамын түзүү жана жылдык иш планын бекитүү маселеси каралды. Төрайым Орунбаева Б.М. пландын негизги багыттары менен тааныштырды.

2. Факультетте иштелип чыккан негизги билим берүү программалары (НББП) каралып, алардын мазмуну, структурасы жана окуу пландарына шайкештиги талкууланды.

3. Окуу процессине тиешелүү методикалык документтер ОшМУнун талаптарына ылайык каралды. Дисциплиналардын ОМКларына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары талкууланды.

4. Электрондук билим берүү жана онлайн курстарды уюштуруу боюнча семинарлардын жыйынтыктары угулду.

5. Ар түрдүү маселелер боюнча кафедра башчылары сунуштарын билдиришти.

*ТАЛКУУ:*

Талкууга деканат, кафедра башчылары жана окуу-методикалык иштер боюнча жооптуулар катышып, НББПны өркүндөтүү, окуу процессин жакшыртуу жана методикалык камсыздоону күчөтүү боюнча сунуштар берилди.

**ТОКТОМ:**
2025-2026-окуу жылына карата факультеттин окуу-методикалык кеңешинин курамы жана иш планы бекитилсин.
Негизги билим берүү программалары (НББП) жактырылып, тиешелүү түзөтүүлөр киргизилсин.
Окуу-методикалык документтер белгиленген мөөнөттө толук иштелип чыгып бекитилсин.
Дисциплиналардын ОМКларына мониторинг жүргүзүү улантылсын жана кафедра башчыларынын көзөмөлүнө алынсын.
Электрондук билим берүү жана онлайн курстарды сапаттуу уюштуруу күчөтүлсүн.

Окуу-методикалык кеңешинин төрайымы: ____________ /Орунбаева Б.М./

Катчысы: ____________ /Танабаева А./